**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин педагогикалык кеңешинин**

**протоколунун көчүрмөсү**

30.08.2022-жыл №1 Чон-Жар айылы

Катышкандар: мектеп директору, 16 мугалим
**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**
**1.2022-2023-окуу жылына карата мектеп компонентин бекитүү жөнүндө**

**Угулду:**

1-маселе боюнча мектеп директору Дюшенбаева С.Э. сөз сүйлөдү.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 2022-2023-окуу жылына карата Базистик окуу планына карата Түшүндүрмө кат (“Кут билим” 2022-жыл 5–августу №1529/1) менен тааныштырды.

2022-2023-окуу жылына карата Базистик окуу планы “Билим берүү жөнүндөгү” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген жалпы билим берүү уюмдарында билим берүү уюмдарында билим берүүнүн шарттарына жана уюштуруусуна коюлган санитардык-эпидемиологиялык талаптарга , ошондой эле билим берүү тармагындагы Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук документтерге ылайык иштелип чыкты.

Н.Рахманов атындагы орто мектебинин 202202023-окуу жылы үчүн базистик окуу планынын негизинде 5-класс үчүн 1 саат математика, 8-класс үчүн кыргыз тили сабагын терендетип окутуу үчүн берилди. Бул сабактарга кошконубуздун себеби, окуучулардын НЦТга, ЖРТга тест тапшырууга барганда бул предметтер негизги предмет болуп саналат. Окуучулардын математика, кыргыз тили сабагына кызыгуулары абдан жакшы.Окуучулар менен катар эле көпчүлүк ата-энелер математика жана кыргыз тили сабагын ЖРТда негизги тест болгондуктан ушул эки сабактын терендетилип окутулушун суранышты.

Чечим кылат:

Н.Рахманов атындагы орто мектебинин 2022-2023-окуу жылы үчүн окуу планы боюнча, мектеп компоненти 1 саат 5-класска математика, 1 саат 8-класска кыргыз тили сабагына берилсин. Математика мугалими Намазбекова А.Б.га, кыргыз тили мугалими Джаманкулова С.А.га бекитилсин. Мектеп компоненти расписаниеге коюлуп, журналда өзүнчө бет ачылсын.

**Мектеп директору:** **Дюшенбаева С.Э.**